Асирдинова Т.Ж.
*К.Тыныстанов ат. ЫМУ*

# ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЛАРДАГА ГЕНДЕРЛИК ТЕҢДИК МАСЕЛЕСИ

*Макалада элдик оозеки чыгармалардагы гендерлик теңдик маселеси. о.э., аялдардын коомдогу орду, ролу жөнүндө сөз болот.*

Эгемендүүлүктүн алгачкы багыттарына бет алгандан тартып, Кыргызстанда коомду демократия-лаштырууга болгон аракеттер көрүлө баштады. Демократиянын эң негизги принциптеринин бири болуп, адам укуктарын ишке ашырууну камсыз кылуу саналат. Тактап айтканда, коомдогу ар бир адам (аял болобу, эркек болобу, расасына, улутуна жана диний көз карашына карабастан) коомдо өз ордун табууга, өзүнүн укуктарын пайдаланууга жана өз өмүрү үчүн жоопкерчилик алууга милдеттүү. Ал эми адамдардын өз укуктарын пайдалануу мүмкүнчүлүгү качан гана коомдо гендерлик теңчилик орногондо иш жүзүнө ашуусу мүмкүн. Кайсы кылымда, кайсы коомдо, кайсы гана улутта болбосун, аялдарга караганда эркектердин коомдогу ролу жогору бааланып келгенин тарыхтан биле алабыз. Мына ушуга жараша кыргыз элинде да «Алтын баштуу катындан бака баштуу эр артык», «Катын билген -кайран иш» сыяктуу бир жактуу макалдар жаралгандыр. Ар бирибизге белгилүү болгондой, үй-бүлөдө эркек баланын төрөлүшү үй-бүлө мүчөлөрүн кубантып, тукум калуу, тукум улоо, туяк калуу сыяктуу түшүнүктөр менен коштолуп, кыз баланын төрөлүшү анчейин мааниге ээ боло берген эмес. Мындай мамиле бүгүнкү күндө да басымдуулук кылат. Изилдөөчү М.Финлей антикалык маданиятта «аялдар жаратылышынан эркектерге караганда төмөнкү даражада, ошондуктан алардын функциясы тукум улоо менен чектелген, ал эми негизги социалдык мамилени, күчтүү колдоону эркектерден издешкен жана эркектерден табышкан» дейт.

Бүгүнкү күндө гендер, гендерлик социология, гендерлик мамиле, гендерлик теңдик деген түшүнүктөр жана ага карата изилдөө, окутуу барган сайын өсүүдө. Европада гендерлик мамиле бир нече ондогон жылдар аралыгында илимий жана билим берүү долбоорлорунда ийгиликтүү иштерди жүргүзүп келишет. Гендер бул – социалдык жыныс. Ал эми гендерлик теңдик деп аялдар менен эркектердин өз укуктарын коомдо толук жүзөгө ашыруусу үчүн бирдей шартка ээ болуусун айтабыз. Гендерлик көйгөйдү түшүндүрүү, окутуу маселеси социалдык, гуманитардык илимдин ар кандай тармактарында лингвистикада, элдик оозеки чыгармалар болгон эпикалык чыгармалар, макал-ылакаптардын маани-маңызын чечмелөө менен түшүндүрүү да ашыктык кылбас эле. Кылымдар бою бай жана кызыктуу аялдар тарыхы жашап келгендиги баарыбызга маалым. Гендер маселеси боюнча сөз кылганда, кыргыз кыз-келиндеринин укуктары өткөн кылымдарда кандай болгон? Деги эле кыргыз аялдарынын коомдогу ролу кандай болгон? Кыргыз аялдары эркектер ээ болгон мүмкүнчүлүктөргө ээ боло алганбы? деген суроолор туулушу мүмкүн.

Аялзаты жаратылышынан назик, сезимтал, алсыз болору жөнүндө ар дайым кеп кылып келебиз. Бирок кылымдарды карыткан тарыхка, элдик оозеки чыгармаларыбызга саресеп салсак, аялдардын орду, ролу жөнүндө эң сонун маалыматтар жетишерлик баяндалып келет. Кыргыз эпикалык чыгармаларындагы, жазма адабияттагы кыз-келиндердин образдары жеке эле бала тарбиялоо, үй-тиричилигин алып баруу менен гана чектелбестен, эчендеген оор замандарда эркиндикти жана көз карандысыздыкты сактоо үчүн болгон күрөштөрдө аялдар эркектерден кем калышпаган аракеттерди жасагандыгына күбө болобуз. Чындыгында, аялдардын эркектерге көз каранды, багынды болушу коомдун бардык этаптарында өкүм сүрүп келгендиги белгилүү. Бирок өз заманында аял жана эркектин ортосундагы физикалык жана социалдык өзгөчөлүктөргө карабастан, аялдардын

арасынан чыккан чыгаан аялдардын коомдо ээлеген өз орду болгондугу белгилүү. Мисалды алыстан издебестен, кылымдардан бери, элдин казына–кенчи болуп келген элдик оозеки чыгармаларга, анын ичинен эпосторго токтолсок, эркек өз жеринин, элинин, үй-бүлөсүнүн бакубат жашоосу үчүн сырткы душмандардан коргоп, үй-бүлөсүнүн тынчтыгын камсыз кылса, аял үй-бүлөсүнүн болгон тиричилигин мойнуна алып, бала-чакасынын, мал-жанынын түйшүгү мойнунда болуп, үйүндөгү толгон-токой иштерди аткарганга жетише алышкандыгын, ошол эле убакта уруу арасындагы, ички, сырткы душмандар менен болгон чыр-чатактарды чечүүгө активдүү катышып, ар түрдүү маселелердин чечилишине данакер болгондугу белгилүү.

Улуттун сыймыгы, рухий туу чокусу болгон «Манас» эпосунда Манастын образы кыргыздар баш уруп, умтула турган мураттагы эркек баатыр деп айтылса, анда Каныкейдин образы − хан ордосунда туулуп, ырахаттын бардык жагына татыктуу болсо да, аяк бошотор, колунан эчтеме келбей турган эрке тентек кыз эмес, эл куса болгон мураттагы, өз элинин бейкутчулугу, тынчтыгы үчүн турмуштун түркүн-түстүү азап-кайгысынын сынагын баштан өткөрүп, күйөөсүнүн көңүлүнө жараган, же эл тарабынан мактaлып, элдин урмат-сыйына татыган, эл башында турган аял баатыр. Каныкейдин образы «Манас» эпосундагы аялдардын образдарынын ичинен айрыкча бөлүнүп турат. Ал – Манас баатырга дайыма жардам берген, акыл айткан мыкты кеңешчиси. Эпостун бардык негизги окуяларына катышып, чыгарманын сюжетинде чечүүчү роль ойнойт. Каныкейдин образы аркылуу баяндалган элдик идеялар эпостун башкы идеясынын ачылышы, кыргыз аялдарынын да образын түзөт. Көп учурда Манаска акыл айткан акылкошчу, кыйынчылыктардан, айрым учурларда ажалдан сактап калган, айлакерлик, акылмандык, чечкиндүүлүк, чыдамкайлык − Каныкейдин негизги касиеттери. Каныкейдин образында эркекке гана таандык деп эсептелип келген баатырлык касиеттер да жок эмес. Эпосто Каныкей катышпаган окуялар өтө аз. Манас баатырдын балалык күндөрү жана эң алгачкы баатырдык иштери гана Каныкейсиз өтөт. Манаска баш кошкондон тартып анын образы тереңдетилип, элдин, анын ичинен кыргыз аялдарынын асыл сапаттары көркөм чагылган. Каныкейдеги дагы бир эң сонун аялзатка таандык сапат колунан көөр төгүлгөн уздугунда. Баатырлардын боюна, жаш өзгөчөлүгүнө ылайык келген жоо киймдерин, курал-жарактарды алдын- ала даярдашы анын сарамжалдыгын, бала кезде алган тарбиясынын эң сонун үлгүсүн көрсөтөт. Элдик эненин образын чагылдырган Каныкейдин образындагы сарамжалдуулук булар менен эле чектелбестен, жоокерлердин башына кыйынчылык түшүп, арып-ачканда жей турган күл азык камдап, түрдүү дары–дармектерди баатырлардын жанына салып бергендиги. Өздөрү тургай, баатырлардын тулпарларына да кам көрүп, Аккулага «күрүчтөн күрмөк жем берип, күндө терин алып, таптайт». Алдын–ала көрө билүүчүлүк касиети да бар Каныкей Манастын чоң казатка аттанышына каршы турат. Манас Бээжинди алып такка олтурду деген кабар Каныкейди кубантпайт, тескерисинче сарсанаа болот. Манас дүйнөдөн кайткандан кийин да өзүнүн асыл касиеттерин сактап, хандар менен бирге саясий иштерге аралашып, Семетейдин чоңоюп, эли-жерин сүйүү, душманын жек көрүү сезимин курчутууда маанилүү милдет аткарат. Анын ар намыс, эл-жер үчүн түрдүү ой-толгоолорго баткан психикалык абалынын кеңири берилиши каармандын образын дагы тереңдетип, анын мүнөзүн курчутат. Каныкейдин образы эзелтен келе жаткан аялдардын мыкты деп эсептелген жүрүм-турум, мээрбандык, сарамжалдуулук, акылман-дуулук касиеттеринин топтоштурулган образы десек болот. Анын бүткүл өмүрүндөгү иш-аракети элдин ар-намысын, эркиндигин, жыргалчылыгын коргоого арналган.

Эпостогу дагы бир каарман Кыз Сайкалдын образы - аялдардын сулуулугун, назиктигин, баатырлыгын, чечкиндүүлүгүн, акылын, сарамжал-дуулугун даңазалаган, жалпыланган көркөм образ. Сайкал элин, жерин сырткы душмандардан коргоп, элдин биримдигин, көз карандысыздыгын жана өзүнүн аялдык намысын сактаган баатыр кыз, журтка таанылып, Кыз

Сайкал, Баатыр Сайкал, Кан Сайкал аталат.

Элибизде күчтүү өнүккөн эпикалык жанрдын коомдук–щй бүлөлүк мамиле-лерди кеңири чагылдырган дагы бир кенже формасына тиешелүү эпос - «Саринжи Бөкөй». Эпостогу Саринжинин колуктусу Акберметтин жаш болсо да кыраакылыгы, акылдуулугу, өмүрлүк жары үчүн кандай кыйынчылык болсо да көтөрүүгө даяр экендиги, Саринжинин таламын талашып, эпосто аял затынын алдыңкы активдүү өкүлү катары башка аял каармандардан өзгөчөлөнүп турат. Акбермет ошондой адамкерчилиги, аялга мүнөздүү боорукерлик, кыраакылык өңдүү жакшы сапаттары менен чыгарманын сюжетинде баштан – аяк катышат.

Эпикалык чыгармалардын арасында дагы бир эпос - «Жаңыл Мырза». Кыргыз элинин оозеки чыгармачылыгында аялдардын образдарына көп эле орун берилип, эркектер менен тең катар ролдорду аткаргандары тууралуу чыгармалар көп болгону менен, Жаңыл сыяктанып өзүнчө көп варианттуу поэманын баш каарманы катары каралышы саналуу. Эпостун өзөгүн Жаңыл Мырза аттуу  баатыр кыздын баяны түзөт. Жаңыл Мырза өзүнүн ашкан эрдиги, акылмандуулугу менен Нойгут уруусуна башчы болот. Баатыр кыздын ашкан эрдиги, кайраттуулугу тез эле көп жерге тарайт. Өз намысын өтө жогору баалаган баатыр кыз ар кандай кыйынчылыкты жеңип, элине калканч болот. Жаңылдын баарынан өзүнүн эркиндигин жогору коюшу, анын кажыбас кайраты, курч мүнөзү, эч бир кишиге баш ийип, көз каранды болууну каалабастыгы баяндалат.

Баатыр кыздар жөнүндөгү эпикалык чыгармалар, легендалар дүйнө элдеринин фольклорунда да кездешери белгилүү. Ал сюжеттер ар бир элдин өзүнүн тарыхын, элдик идеясын чагылдырып, ошол окуя жаралган доор чындыгынын учкундары менен тааныштырып, өздөрүнүн кыз-келиндери менен сыймыктана аларын да билгизишет. Бардык элдердин фольклорундагы аялдардын образын бир кылкада карап, окшош деп айтууга да болбойт, анткени аял-эркектин ортосундагы мамилелериндеги өзгөчө-лүктөрдү ачып берүүдө, ар бир элдин өзүнүн тарыхы, улуттук көз карашы, жашоо-шарты, дүйнө таануусу, салты, диний ишеними таасир этип, ошого  жараша фольклордук көркөм образдар жаралып,  аял каармандардын образдарына да таасирин тийгизип, фольклордук чыгарманын формасы да, мазмуну да ар түрдүү болушу − закондуу көрүнүш. Бул сыяктуу баатыр кыздардын образы өз мезгилинде көз карандысыздыктын, эркектер менен тең укуктуулуктун үлгүсүн даңазалаган десек болот.

Эпикалык чыгармаларды айтуучулар кыргыз эмгекчи элинин асыл касиеттерин, өзгөчө, эмгекти кызуу сүйө турган намыскөй эр жүрөктүүлүгүн, өзүнүн, элинин эркиндигин бийик баалагандыгын, элге-жерге берилүү касиеттерин Каныкей, Кыз Сайкал, Жаңыл, Кыз Дарыйка сыяктуу баатыр, акылман кыздарына да топтогонун байкоого болот.

Элдик оозеки, тарыхый  чыгармалардан, келтирген мисалдардан кыргыз элинин кыз-келиндери жеке гана үй-тиричилигинин маселеси менен гана чектелбестен, мамлекеттик деңгээлдеги, уруу, улут чегиндеги ички-сырткы маселелерге өз салымдарын кошуп, айрым орчундуу маселелердин чечилишинде олуттуу роль ойноп келгендиги даана көрүнүп турат. Ошентип, коомдун кайсы түзүлүшүндө, кайсы этабында болбосун, аялдар өз укуктары үчүн күрөшүүгө, өздөрү үчүн кымбат идеяларды коомдо, баарыдан мурда, өз чөйрөлөрүндө таратууга аракеттенүүгө, ал идеяларды ишке ашыруучу принциптерди иштеп чыгууга, өздөрү окууга жана өз билимин кеңейтүүгө умтулуусуна эч нерсе тоскоол болбогондугун жана боло албастыгын белгилөө менен, гендердик теңчиликти акылдуу, билимдүү, жөндөмдүү, шыктуу, таланттуу аялдардын өздөрү да жаратыша аларын айткым келет. Ошондой эле келечектеги жаш муундарды да адеп-ахлакка, ар намыстуулукка, коомдо өз ордун таба билишине элдик оозеки чыгармалардын негизинде тарбиялоо өзүнүн жемишин гана берет деген ойдобуз.

Демек, кылымдардан берки келген тарыхый далилдер, бүгүнкү күндөгү дүйнөлүк тажырыйбанын далилдери: аялдардын саясатка, мамлекеттик маселелердин чечилишине активдүү катышуусу, жаңы багыттардын ачылышын, айрым чечимдердин эффективдүүлүгүн

гана жогорулатпастан, коомдун саясий жашоосунун байышына да өз таасирин тийгизет. Мамлекеттин ички-сырткы маселелеринин чечилишине эркектер менен аялдардын бирдей даражада катышуусу, башкача айтканда, бардык мезгилдерде, коомдук өнүгүүнүн бардык сферасында аялдардын саясий статусун жогорулатууну камсыз кылуу эч кандай аша чапкандык болбос.

Адабияттар:


1. Гендерлик негиздердин теориясы. -Каракол, 2006.
2. Жой Маджезис. Аялдар маселесин излдёёлёр. -Бишкек, 2003.
3. Гендерлик изилдёёлёрдщн негиздери. Хрестоматия. -Бишкек, 2004.
4. Кыргыз адабиятынын тарыхы. II, III том. -Бишкек, 2002.